КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

Жергиликтүү кеңешинин

ТОКТОМУ

“27” 10 2026-ж №221 Кызыл-Суу айылы

Таза суу долбоорунун жардамы менен жана Ысык-Көл облустук фонду аркылуу ишканага түздөн түз берилген УАЗ-390945 үлгүсүндөгү автотранспорт каражатын мамлекеттик каттоодон өткөрүү жана тиешелүү документтерин жол-жоболоштуруу жөнүндө.

Таза суу долбоорунун жардамы менен жана Ысык-Көл облустук фонду аркылуу «Кызыл-Суу суу канал» муниципалдык ишканасынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында берилген жана 2018-жылдын 24-декабрындагы Ысык-Көл өнүктүрүү фонду менен өткөрүп берүү-кабыл алуу актысынын негизинде ишканага өткөрүлүп берилген УАЗ-390945 үлгүсүндөгү автотранспорт каражатын мыйзамдуу түрдө мамлекеттик каттоодон өткөрүү максатында, жергиликтүү кеңештин сессиясы токтом кылат:

1.2018-жылы чыгарылган, Ысык-Көл өнүктүрүү фонду аркылуу Атабаев Саламат Ашымовичтен берилген УАЗ-390945 үлгүсүндөгү автотранспорт каражаты «Кызыл-Суу суу канал» муниципалдык ишканасына өткөрүлүп берилгендиги эске алынсын.

2, Аталган автотранспорт каражатынын техникалык маалыматтары төмөнкүдөй экендиги белгиленсин:
Маркасы, үлгүсү: УАЗ-390945 Чыгарылган жылы: 2018-жыл Тусу: ачык боз (светло-серый) Кыймылдаткычынын түрү: бензин кыймылдаткычынын көлөмү: 2693 $см^3$ кыймылдаткычынын кубаттуулугу: 112,2(82,5) ат күчү мамлекеттик каттоо номери: 09KG813AJD кузовунун идентификациялык номери XTT390945K1206828 кыймылдаткычтын номери: 409110J3044575 Жетектөө түрү: 4x4

3. УАЗ-390945 үлгүсүндөгү автотранспорт каражатын мамлекеттик автотранспортту каттоо кызматынан «Кызыл-Суу суу канал» муниципалдык ишканасынын атына каттоого, тиешелүү документтерин жол-жоболоштуруу иштерин жүргүзүү жагы ишкананын жетекчиси К.Байделиевге жүктөлсүн жана автотранспорт каражатын мамлекеттик каттоодон өткөрүүдө мыйзамда каралган бардык талаптардын сакталышы камсыз кылуу жагы милдеттендирилсин.

4.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кенештин бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновга жүктөлсүн.

Төрайым **Г.Чыныбаева**